**БЕКИТЕМ**

**2022-жылдын “30” 11 ________**

**№ 98 буйругу менен**

# ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЁТ

**Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби мекемеси**

## ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК АККРЕДИТАЦИЯ

**Киришүү**

Киришүүдө төмөнкү маалыматтар көрөсөтүлүшү керек:

- Билим берүү уюмунун (мындан ары – БУ ) түзүлүшү жөнүндө кыскача маалымат

(мамлекеттик каттоо / юридикалык жакты, уставды кайрадан каттоо жөнүндө

күбөлүктүн көчүрмөлөрүн тиркөө)

- БУнун миссиясы;
- БУнун жетекчисинин аты-жөнү жана анын байланыш үчүн маалыматы (телефон номери жана e-mail);
- Билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн лицензиялар жөнүндө маалымат (лицензиялардын көчурмөлөрүн тиркөө);
- БУнун буга чейинки аккредитациясы жөнүндө маалымат;
- Алгачкы аккредитациялоо (жаңы ачылган БУлар үчүн)
- Кезектеги аккредитациялоо (буга чейин аккредитацияланган БУлар үчүн)

(аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын көчүрмөсүн же шарттуу аккредитациялоо жөнүндө буйруктун көчүрмөсүн тиркөө);

- БУнун дареги, телефон номерлери, факсы, e-mail, веб-сайты.

Киришүү

1.1 Жалпы билим берүү уюмунун маалыматы.

Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон району, Акман айыл аймагындагы Колот айылы Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектебинин жалпы мүнөздөмөсү

Билим берүү уюмунун аталышы: Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби

Дареги: Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон району, Акман айыл аймагындагы Колот айылы, Калыков Ш. көчөсү № 35

Менчик Формасы: Муниципиалдык.

Билим берүү уюмунун статусу: орто мектеп.

ИНН : 00210200310353 ОКПО: 21301384

Мектептин имараты: 2004-жылы ишке берилген. 1- этаждуу.

Мектептин ички аянттарынын жалпы кубатурасы: 2458 $м^3$

Мектептин жалпы аянты: 1,37га

Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектебинин тарыхы:

Тешебай Исак уулу атындагы №35 орто мектеби №39 Токтомго ылайык Колот айылында 1957-жылы Колот башталгыч мектеби болуп уюштурулган. 1978-жылы мектеп 8 жылдык билим берүү мектеби болуп, Н.К.Крупскаянын ысымы берилип, негизги мектепке айландырылган.1982-жылы мектепке кошумча үч бөлмөлүү курулуш курулган.1991-жылы Райондук кеңештин чечими менен мектеп орто мектепке айландырылып Тешебай Исак уулу атындагы орто мектеби болуп өзгөртүлгөн.2004-жылы республикалык бюджеттен 240 орундуу сметалык баасы 3351,4 миң сомдук мектептин корпусу курулуп, пайдаланууга берилген.Мектептин спорт залы мамлекеттик бюджеттин эсебинен 2010-жылы башталып, 2012-жылы ишке берилди. Ашкана жергиликтүү боюджеттен каржыланып, 2015-жылы курулду.

Азыркы учурда мектепте 424 окуучу билим алууда.

Мектептин окуп жаткан имаратында 10 класстык бөлмө, усулкана, шашке чай берилүүчү мектеп ашканасы, китепканасы, спорттук аянтча бар.

Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-апрелинде бекитилген Билим берүү жөнүндөгү мыйзамына, нормативдик укуктук актыларына, билим берүү

жөнүндөгү жалпы жоболордун негизинде жана 2015-жылы 19-январда бекитилген мектептин Уставына ылайык иш алып барат.

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы N403 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык иш алып баруу менен Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби билим сапатын камсыздоо максатында мектептин миссиясын жана максаттарын иштеп чыккан.

1. **Билим берүү уюму жөнүндө маалымат**

| | |
|---|---|
| 1.1 билим берүү уюмунун аталышы | Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби мекемеси |
| 1.2 дареги | Базар-Коргон району, Акман айыл өкмөтү, Колот айылы, Калыков Шамырза көчөсү №35 |
| 1.3 Билим берүү уюмунун жетекчисинин аты-жөнү, байланыш телефону | Рахманова Тазагуль Азимжановна 0778 20 30 45 |
| 1.4 камкордук кеңешинин жана ата-энелер комитетинин жетекчисинин аты жөнү, байланыш телефону | Алтымышова Тазагүл 0778 00 78 22 |

**1.5 Менчиктин түрү:** <u>мамлекеттик</u>

*(мамлекеттик, муниципалдык менчик, башка)*

**1.6 Билим берүү уюмунун статусу**: <u>билим берүү мекемеси</u>

**1.7 ИИН** 00210200310353

**Мектептин почтасы:** teshebai@mail.ru

**Мектептин сайты:** teshebai-35

**Мектептин тарыхы**

- Тешебай Исак уулу атындагы №35 орто мектеби №39 Токтомго ылайык Колот айылында 1957-жылы
  Колот башталгыч мектеби болуп уюштурулган.
- 1978-жылы мектеп 8 жылдык билим берүү мектеби болуп, Н.К.Крупскаянын ысымы берилип, негизги
  мектепке айландырылган.
- 1982-жылы мектепке кошумча үч бөлмөлүү курулуш курулган.
- 1991-жылы Райондук кеңештин чечими менен мектеп орто мектепке айландырылып Тешебай Исак уулу
  атындагы орто мектеби болуп өзгөртүлгөн.
- 2004-жылы республикалык бюджеттен 240 орундуу сметалык баасы 3351,4 миң сомдук мектептин
  корпусу курулуп, пайдаланууга берилген.
- Мектептин спорт залы мамлекеттик бюджеттин эсебинен 2010-жылы башталып, 2012-жылы ишке
  берилди.
- Ашкана жергиликтүү боюджеттен каржыланып, 2015-жылы курулду.

Билим берүү уюмунун миссиясы:

Билим берүүдө мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде окуучулардын билим алуусун камсыздоо жана жаңы эаманбап технологияларды колдонуп, билим сапатын жогорулатуу менен келечекке жол ачуу.

Ата-энелер, жергиликтүү коомчулук менен тыгыз байланышта иш алып барып, ден соолугу чың, ар тараптан өнүккөн инсандын тарбияланышына шарт түзүү

ИСУО боюнча маалымат

ИСУО-билим берүү уюмдарынын базасы 2019-2020-окуу жылынан баштап мектептерге киргизилди. Базага мектеп жөнүндө маалымат, дареги, Google картадагы жайгашкан жери, смендүүлүгү, мектептин жалпы аянты камтылды. Базага мектеп админстрациясы, мугалимдер жамааты, тех.кызматкерлер, жалпы мектеп окуучуларынын өздүгүн тастыктаган документтери, күбөлүктөрү,

дипломдору, эмгек китепчелери киргизилди. Окуу программалары, предметтер, каржы булактары, түшүүлөр, чыгымдар, китеп боюнча маалыматтар, окутуу максатында колдонулган техникалык каражаттар, суу, санитария, гигиена, интернет түйүнү боюнча маалыматтар базага түшүрүлдү.

Окуучулардын саны, классы, окуган предметтери, окуткан мугалимдери, билим сапаттары, чейрек сайын окуучулардын келүү кетүүсү, катышуу жетишүүсү,

билим сапатынын пайызы жазылып турат.

**Институционалдык аккредитациялоо учурунда ички баалоонун натыйжалары боюнча**

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим министрлигинин, 2022-жылдын 2-июнунда №56 буйругунун негизинде эксперттик комиссия 2022-жылдын 30-августунан баштап 2022-жылдын 30-ноябрына чейин Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү мектеби мекемесинин ишке ашырылуучу төмөнкү билим берүү программаларынын: орто жалпы ички баалоосун жүргүздү.**

**2. Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоочу база**

| | **Өзүн-өзү баалоо үчүн критерийлер** | **Өзүн-өзү баалоонун натыйжалары** | **Тастыктоочу база** |
|---|---|---|---|
| **1. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ** | | | |
| 1.1 | Билим берүү уюмунун ишин жөнгө салуучу бекитилген ички акттардын болушу | 1. Устав 2017-жылдын 15-февралында педагогикалык кеңешмеде каралып, Базар-Коргон райондук билим берүү бөлүмү тарабынан 2017-жылдын 28-февралында бекитилген. Юридикалык жакты мамлекеттик кайра каттоо жөнүндөгү күбөлүк 24-март 2017-жылы бекитилген<br>2. Жалпы жана негизги билим берүүчү программасы боюнча өткөрүлгөн аккредитациянын сертификаты №СС190003405 5-июнь 2018-жылдагы №894/1 буйругу<br>3. Мектептин имараты жайгашкан жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө Мамлекеттик актысы, сериясы Б №020200, Базар-Коргон райондук кыймылсыз мүлккө болгон укуктардын бирдиктүү мамлекеттик | **Көчүрмөлөр:**<br>1.Мектептин уставын өзгөртүү үчүн пед.кеңешменин токтому<br>2.Мектептин уставы<br>3.Аккредитациянын сертификаты<br>4.Мамлекеттик акты<br>5.Энергия паспорту<br>6.Мектептин ички жобосу<br>7.УБнин жобосу<br>8.Ата-энелер кең.жобосу (мугалимдин статусу жөнүндө, баланын укуктары жөнүндөгү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | реестринде 2014-жылдын 3-июнунда №541 менен катталган<br>4.Мектептин имаратынын энергия паспорту, 2005-жылдын 23-июнунда №5472 менен катталган.<br>5.Методикалык (усулдук) бирикменин жобосу<br>6. Ата-энелер кеңешинин Жобосу жалпы Ата-энелер чогулушунун 15-сентябрь 2017-жылдагы №1 протоколу менен бекитилген.<br>7. Окуучуларды мектепке кабыл алуу жана мектептен чыгаруу Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби мекемесинин 24-март 2017-жылы бекитилген уставында жана Базар-Коргон райондук билим берүү бөлүмү тарабынан 2015-жылдын 14-сентябрында бекитилген уставында каралган тартипте педкеңешмеде кабыл алынат. | конвенция, бала жөнүндөгү кодекс, окуучунун кодекси). |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.2 | Билим берүү уюмунун бекитилген миссиясынын, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн жана өзүн-өзү баалоонун ар жылдык жыйынтыктарын эске алуу менен иштелип чыккан стратегиялык жана учурдагы пландардын болушу | 1.Мектептин миссиясы 20.09.2017-жылы №1 Педагогикалык кеңешменин чечими менен каралган Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби мекемеси №30/3буйругу менен бекитилген.<br>Мектептин миссиясы: Жалпы орто билим берүүдө мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде окуучулардын билим алуусун камсыздоо жана жаңы заманбап | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | технологияларды колдонуп, билим сапатын жогорулатуу менен келечекке жол ачуу. | |
| 1.3 | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашыруу жана жооптуу адамдардын /түзүм- дөрдүн болушу | 1.Базар-Коргон районундагы билим берүүчү мектеби мекемесинин директору Базар-Коргон райондук билим берүү бөлүмү тарабынан № 218 буйругунун негизинде 2022-жылдын 7-декабрынан тартып конкурстун негизинде директор болуп дайындалды<br>2.Базар-Коргон районундагы Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби мекемесинин директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары Базар-Коргон райондук билим берүү бөлүмү тарабынан 25-январь 2017-жылдагы №7 §2 буйругу менен бекитилген.<br>3.Базар-Коргон районундагы Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби мекемесинин директорунун тарбия иштери боюнча орун басары Базар-Коргон райондук билим берүү бөлүмү тарабынан 02.09.2021-жылдагы №279 буйругу менен бекитилген.<br>4.Усулдук бирикмелердин башчылары жана курамы Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби мекемеси №1 Педагогикалык кеңешмеде каралып, 2022-жылдын 30-августундагы<br>№ 77 буйругу менен бекитилген. | **Көчүрмөлөр:**<br>1.Администрациянын буйруктары<br>2.УБнын, насаатчы мугалимдердин буйруктары.<br>3.Функционалдык милдеттер. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 5. Этика комиссиясынын курамы 2022-жылдын №1 педагогикалык кеңешмесинде каралып, 2022-жылдын 29-августунда № 79 буйругу менен бекитилген.<br>6. Насаатчы мугалимдер №1 педагогикалык кеңешмеде каралып, 2022-жылдын 1-сентябрында № 62 §2 буйругу менен бекитилген.<br>7. Функционалдык милдеттер<br>- Директор<br>- ОББ<br>- Тарбия иштери боюнча директордун орун басары.<br>- Соц.педагог. | |
| 1.4 | Персоналдын жана окуучулардын жүрүм-турумунун бекитилген этикалык ченемдеринин болушу, аларды сактоо (билим берүүнүн жана инсандын, маданий көп түрдүүлүктүн баалуулуктарын колдоочу уюштуруучулук маданияттын калыптангандыгы) | 1.КР эмгек кодексине ылайык мектептин ички тартиби, регламенти педагогикалык кеңешмеде каралган<br>2. Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби мекемесинин мугалимдердин, кенже персоналдардын милдети жана укугу мектептин уставында көрсөтүлгөн.<br>3. Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби мекемесинин окуучусунун милдети жана укугу мектептин уставында көрсөтүлгөн.<br>4.Ар бир окуучунун ата-энелери менен келишимдер түзүлгөн. | **Көчүрмөлөр:**<br>1.КРнын эмгек кодекси.<br>2.Этика комиссиясынын жобосу.<br>3.Окуучунун милдети жана укугу (устав).<br>4.Ата-энелер менен келишимдер. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.5 | Ишти баалоо, пландоо, уюштуруу, ошондой эле билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун абалына мониторинг жүргүзүү механизмдеринин жана жол-жоболорунун болушу | 1. Мектептин коопсуздугун камсыз кылуу боюнча Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби мекемесинин жылдык иш планы иштелип чыккан.<br>2.Коопсуз чөйрөнү камсыз кылуу иш-планы ата-энелердин чогулушунда бекитилген.<br>3.Мектепте антитеррордук паспорт уюштурулган.<br>4. Окуучулардын коопсуздугун алдын алуу боюнча жобо иштелип чыккан.<br>5. Өрт коопсуздугу боюнча иш план иштелип чыккан.<br>6.Персоналдардын коопсуздугу боюнча инструкция иштелип чыгып, тааныштырылып, кол койдурулган.<br>7. Окуучулар боюнча чейрек, жыл сайын стат отчеттору жүргүзүлөт.<br>- даярдоо классы 1 класс комплекти<br>- башталгыч 1-4-класс 7 класс комплекти<br>- негизги 5-9-кл 10 класс комплекти<br>- жогорку 10-11-класс 3 класс комплекти<br>8. Мугалимдер жыл сайын өз билимин өркүндөтүү курстарынан өтүп турушат.<br>9. Мектеп парламентинин иш планы иштеп чыгылган. | **Көчүрмөлөр:**<br>1. Коопсуздук планы жана эрежелери.<br>2. Өрткө каршы иш план.<br>3. Эмгекти жана коопсуздукту коргоо иш планы.<br>4. Стат отчет.<br>5. Мугалимдердин курстан өтүүсү.<br>6. Парламенттин иш планы. |
| 1.6 | Кызыкдар тараптарды тартуу менен чечимдерди кабыл алуунун жана тиешелүү ондоолорду киргизүүнүн | 1.Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча мектеп, окуучу, ата-эненин ортосунда келишим түзүлгөн. | **Көчүрмөлөр:**<br>1.Келишимдер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | колдонуудагы механизмдеринин болушу | 2.Ата-энелер комитеттеринин 2022-2023-окуу жылы боюнча иш планы түзүлүп, иш алып барылат.<br>3. Ата-энелер комитетинин жобосу түзүлгөн.<br>4. Пед кеңешинин, УБнын жобосу иштелген.<br>5. Башталгыч класстарынын окуучуларынын өздүк портфолиосу түзүлүп, жобосу иштелип чыккан. | 2.Ата-энелер комитетинин иш планы.<br>3. Жоболор.<br>4. Окуучулардын портфолиосу |
| 1.7 | Билим берүүнү башкаруунун колдонуудагы маалыматтык системасынын, веб-сайттын, электрондук почтанын болушу | Мектептин почтасы: teshebai@mail.ru<br>Мектептин сайты:<br>ИСУО менен 2019-жылдан бери иш жүргүзүлүп келе жатат<br>**ИСУО боюнча маалымат:**<br>ИСУО-билим берүү уюмдарынын базасы 2019-2020-окуу жылынан баштап мектептерге киргизилди. Базага мектеп жөнүндө маалымат, дареги, Google картадагы жайгашкан жери, сменддүүлүгү, мектептин жалпы аянты камтылды.Базага мектеп админстрациясы, мугалимдер жамааты, тех.кызматкерлер, жалпы мектеп окуучуларынын өздүгүн тастыктаган документтери, күбөлүктөрү, дипломдору, эмгек китепчелери киргизилди. Окуу программалары, предметтер, каржы булактары, түшүүлөр, чыгымдар, китеп боюнча маалыматтар, окутуу максатында колдонулган техникалык каражаттар, суу, санитария, гигиена, интернет түйүнү боюнча маалыматтар базага түшүрүлдү. Окуучулардын саны, классы, окуган | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | предметтери, окуткан мугалимдери, билим сапаттары, чейрек сайын окуучулардын келүү кетүүсү, катышуу жетишүүсү, билим сапатынын пайызы жазылып турат. | |
| | **Күчтүү жактар:** | 1. Мектеп администрациясы мектеп ичиндеги милдеттердин туура бөлүштүргөндүгүндө. (директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары, директордун уюштуруу иштери боюнча орун басары, соц.педагог, усулдук бирикменин башчылары).<br>2. КР Билим Берүү мыйзамы жана Эмгек кодексине шайкеш келген эмгек келишимдеринин негизинде иш алып баруусу.<br>3. Билим берүү уюмунун кызматкерлеринин ишмердигин баалоо критерийлери<br>4.Окуучулардын өзүн-өзү башкаруу түзүмүнүн иштери системага салынган(Мектеп парламенти).<br>5. Мектепке усулдук бирикмеге 5 секция кирет. Өз убагында усулдук иштер жакшы деңгээлде, насаатчылар бекитилген, кенешмелер ачык сабактар, усулдук жаңылыктар менен тааныштырылат. Ар бир мугалимде өз билимин өркундөтүү портфолиосу бар. Райондук семинарларга, педкенешмелерге активдүү катышып, райондук деңгээлде сабак өткөн мугалимдерибиз бар.<br>6. Кадрдык потенциал талапка ылайык. Ар бир предмет боюнча жогорку билимдүү, өз адистиги | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | менен 97 % иштешет. Жетишпеген кадр 2022-2023-окуу жылында музыка боюнча кадр жетишсиз. Пед.кадрлардын 87 % ти жогорку билимдүү.<br>7. Окуучулардын сабакка катышуусу күндө орточо 98 – 100 % ти түзөт. Себепсиз калуу, окубай жүргөн окуучу жок. Күн сайын ар бир класстын катышуу % ти дежур мугалим тарабынан чыгарылып ОББ га берилет.<br>8. ИСУО менен иш алып барылат. Толуктоолор киргизилип турат. | |
| | **Алсыз жактар:** | 1. Окуу китептери толук жетишпейт, программага дал келбейт.<br>2. Ата-энелердин балдарына болгон жоопкерчилинин төмөндөшү<br>3. Мигрант ата-энелердин балдарынынын билим сапатына көзөмөлдүн жоктугу, түзүлгөн шарттын начардыгы.<br>4. Кошумча акы төлөнүүчү предметтик ийримдердин аздыгы.<br>5. Компьютердик кабинеттин жоктугу.<br>6. Мектеп интернет тармагына туташкан, учурда иштебейт. | |
| | **Сунуштар:** | 1. Жаш кадрларды мектепте туруктуу иштеп калышына шарттар түзүлсө, депозит төлөө ишке ашса.<br>2. Айыл жериндеги мугалимдерге жеңилдиктер каралса: отун, электр энергиясына төлөө, жер үлүштөрдү, участканы кезексиз берсе. | |

| 2. КАДРДЫК САЯСАТТЫН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ | | | |
|---|---|---|---|
| 2.1 | Педагогикалык, админстративдик, окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналды жумушка алуунун (жумуштан бошотуунун) обьективдүү критерийлерин жана шарттарын камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | 1.Уставка жана билим берүү мыйзамына ылайыкташтырылып, эмгек келишиминин негизинде жумушка кабыл алынат. Башка жумушка которуу жана жумуштан бошотуу Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин негизинде жумушчунун өз арызы менен ишке ашырылат. Жумушчу менен эмгек келишими түзүлөт. Кызматкерге буйрук жазылат. Өздүк делого төмөнкү иш кагаздар кирет:<br>- арыз<br>- өмүр баян<br>- өздүк баракча<br>- эмгек китепчеси<br>- билими жөнүндө документи<br>- паспорт копиясы<br>- соттолбогондугу тууралуу документи<br>- мамлекеттик сыйлыктары<br>- ден-соолугу жөнүндө китепче. | **Көчүрмөлөр:**<br>1. Кабыл алуу жана бошотуу буйрук китептери.<br>2. Эмгек келишими.<br>3. Өздүк дело. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.2 | Штаттардын комплекттелишинин, педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү | 1. Педагогикалык курам квалификацияларга жана билимдерге карата коюлуучу талаптарга ылайык толугу менен комплекттенген. Мектептин штаттык бирдик 2022-жылдын сентябрында райондук билим берүү бөлүмү тарабынан бекитилген. Штаттык бирдик боюнча мектепте директор 1ст, ОББсы 0,75ст, организатор завуч 0,5ст, соц.педагог 0,5ст, ашпозчу 0,5ст, кароол 2ст, китепканачы 1ст, Техникалык тейлөө кызматкерлери 8,25 ст. штаттар берилген. Штаттык бирдик боюнча жумушчулар толук.<br>2. Мектеп мугалимдеринин эмгек стаждары төмөнкүчө:<br>1-5 жылга чейинки: 7<br>5-10 жылга чейинки: 6<br>10-15 жылга чейинки: 6<br>15-24 жылга чейинки: 4<br>25 жылдан жогору 8<br>Ар бир мугалим өзүнүн адистиги боюнча сабак берет. | **Көчүрмөлөр:**<br>1. Штат бирдиги<br>2. Тарификация<br>3. Мугалимдердин кыймылы.<br>4. РИК-83 |
| 2.3 | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын | Мектеп администрациясы балдарды окутууда физикалык коопсуз чөйрөнү түзгөн.<br>1. Мектептин каридорунда жана короосунда 16 жерде видео көзөмөл орнотулган.<br>2. Эвакуация планы. | **Көчүрмөлөр:**<br>1. Сүрөттөр<br>2. Антитеррордук паспорт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | 3. Коридорлордо, китепканада, архивде огнетущительдер бар.<br>4. Окуучулар менен ай сайын ар кандай коопсуздуктар жана өрт коопсуздугу боюнча машыгуулар өткөрүлүп турулат.<br>5. Антитеррордук паспорт бар<br>6. Эмгекти коргоо жана өрт коопсуздугу боюнча инструктаж түзүлгөн.<br>7. Соц. педагогдун иш планы жана иш чаралары | 3. Инструктаж китепчеси.<br>4. Соц.педагогдун иш планы. |
| | **Өзүн – өзү баалоо үчүн критерийлери.** | | |
| 2.4 | Педагогикалык, административдик, кенже тейлөөчү жана окутуучу-көмөкчү персоналдын ишин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жол-жоболордун болушу | 1. УБнын баалоосу КТУ боюнча токтомдору 2020-2021-окуу жылындагы өткөрүлгөн №1 педагогикалык кеңешме 24.08.2020 КТУ комиссиясынын курамын бекитүү боюнча мектептин буйругу чыгарылган комиссия составы түзүлгөн.<br>2. Зыяндуу шартты изилдөө боюнча комиссиянын курамы боюнча 12.11.2021-ж № буйрук<br>3. Ата-энелердин билим берүү процессине катышуусу жана баалоосу.<br>4. Административдик баалоо(өз ара сабакка катышуу)<br>5. Ички көзөмөл | **Көчүрмөлөр:**<br>1. КТУнун чечими<br>2. Зыяндуулук<br>3. Ата-энелердин баалоосу<br>4. Ички көзөмөлдүн иш планы.<br>5. УБнин иш планы |
| | **Күчтүү жактары:** | 1.Мугалимдердин негизги бөлүгү тажрыйбалуу жана жогорку билимдүү, өз ишин мыкты билген, чеберчилик, изденүү менен иштеген эмгек жамааты топтолгон. Административдик | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | персоналдар туура тандалган .<br>2. Педагогдорду жумушка алууда жана бошотууда эч кандай мыйзам бузуучулук акыркы 5 жылда болгон жок.<br>3. Штаттар комплекттелиши жетиштүү. Педагогикалык персоналдар курстан өтүп турушат. Ар бир предмет боюнча билими жетиштүү, программага шайкеш сабак берет.<br>4. Билим берүү процессинин катышуучулары 3 тараптуу келишим бир жылга түзүлүп иштешет. Жөнөкөй мугалим жана пенсионер мугалимге талап бирдей. Педагогикалык кызматкерлердин эмгектери бааланып, Билим берүү министрлигине чейин сыйлыктарга көрсөтүлөт. Долбоорлор тарабынан өткөрүлгөн семинар, окуу-тренингдерге мугалимдер байма-бай катышышат.<br>6. Мугалимдер билимин жогорулатуу үчүн курстардан өтүшкөн.<br>7. Техникалык каражаттар менен мугалимдердин 80% колдоно алышат.<br>8. Мектепте усулдук иштер жакшы деңгээлде, насаатчылар бекитилген, кеңешмелер, ачык сааттар өз убагында өтүлүп турат. | |
| | **Алсыз жактары:** | 1.Педагогикалык кадрларды жумушка алууда сааттардын аз болушу, класстарда окуучулардын көптүгү.<br>2. Кенже тейлөөчү персоналдарга жумуштун көлөмү көп, айлыгы аз төлөнөт. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 3. Ата-энелердин балдарга болгон жоопкерчилигинин төмөндөшү, мектеп менен байланыштын аздыгы.<br>4. Мугалимдерге коммуналдык чыгымдар төлөнбөйт. | |
| | **Сунуштар:** | 1. Педагогикалык кадрларды сапаттуу даярдоо.<br>2.Жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүн мектепке туруктуу иштеп калышына шарттар түзүлсө, аларга стимул боло турган шарттар иштелип чыкса.<br>3. Мектеп жашындагы окуучуларды педагогикалык кесипке кызыктыруу иштери жүргүзүлсө.<br>4. Пенсия жашындагы мугалимдерге пенсияны көбөйтүп төлөө, сааттарын чектөө.<br>5. Пед.кенже тейлөөчү, окутуучу-көмөкчү персоналдарга жеңилдиктерди берүү. | |
| **3. МАТЕРИАЛДЫК – ТЕХНИКАЛЫК БАЗА** | | | |
| 3.1 | Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын, жайлардын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялары, компьютердик класстар, спорт зал, актылар залы, медициналык пункт, ашкана), | - Окуу каанасы – 11<br>- Административдик кааналар – 2<br>-2 даана проектор<br>- Спорттук аянтча бар<br>- 10 телевизор<br>- парта 140, отургуч 210 даана<br>- Ысык суу бар<br>- Кол жуучу раковиналар 4 даана<br>- Ашкана бар<br>- Видео көзөмөл 16даана | **Көчүрмөлөр:**<br>1. Сүрөттөр<br>2. Кабинеттин планы жана паспорту |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | ошондой эле жашоо үчүн тиешелүү шарттары бар жатаканалардын (эгерде болсо) болушу | - Ажааткана бар 12 уялуу (сыртта)<br>- Окуу кабинеттери бардык предметтер боюнча жетишсиз<br>- Жылытуу системасы электр жардамы менен<br>- Китепкана бар<br>Ар бир окуу кабинеттери талапка жооп берет. Кабинеттердин пландары жана паспорттору түзүлгөн. | |
| 3.2 | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эреже.) | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо боюнча:<br>1. Окутуучулардын жана кызматкерлердин коопсуздугу боюнча жобо түзүлгөн.<br>2. Эмгекти жана коопсуздукту коргоонун иш планы түзүлгөн.<br>3. Мектеп ичинде коопсуздукту сактоо боюнча журнал жана бурч уюштурулган.<br>4. Өрткө каршы бардык каражаттар( суу сактагыч, өрт өчүргүч щиттер, өрт өчүрүү балондор, ж.б.)менен камсыздалган<br>5. Антитеррордук коргонуу боюнча УКМК жана ИИМ тарабынан бекитилген паспорт бар.<br>6. 16 видео байкоо камералары орнотулган<br>7. Мектептин кире беришинде кол жуучу 6 умывальник жайгашкан.<br>8. Ашканада окуучулардын кол жуусу үчүн ысык суу уюштурулуп , 3 раковина орнотулган жана кол жуучу каражаттар, салфеткалар, суюк самындар менен камсыздалган.<br>9. Мектепте ысык тамак уюштурулган, | **Көчүрмөлөр:**<br>1.Иш план<br>2.Антитеррордук паспорт<br>3.Сүрөттөр(коопсуздук боюнча, видео камера, ашкана, кол жуучу жай,кабинеттеги гүлдөр) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ашканада окуучуларды туура тамактануусу үчүн атайын тамактардын МЕНЮсу түзүлгөн.<br>10. Эвакуация пландары түзүлгөн.<br>11. Ар бир кабинетте жашылдандыруу боюнча гүлдөр өстүрүлгөн. | |
| 3.3 | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу | Педагогикалык курамга, окуучуларга окутуунун күтүлгөн натыйжасына жетишүүсү үчүн жеткиликтүү болгон материалдык ресурстар:<br>1.Материалдык-техникалык базанын чыңдалышы боюнча план түзүлүп, жобо иштелип чыккан. Мектеп тех каражаттар менен 70% камсыздалган. Базар-Коргон өнүктүрүү фонду тарабынан бир кабинеттин мебелдери 2022-жылы жаңыртылган. Китеп фонду жана беш жыл ичинде мектепке тартылган инвестиция.<br>1. Китепкана фонду 6745 китеп<br>2. Акман айыл өкмөтү 786 000 сом<br>3. Өнүктүрүү фонду 91200 сом<br>4. Демөөрчүлөр 270 000сом<br>5.Көзөмөлчүлүк кеңеши 350 400 сом<br>6.ООНДАТП 363 600сом | **Көчүрмөлөр:**<br>1. План<br>2. Китеп фонду<br>3. Сүрөттөр |
| | **Күчтүү жактары:** | 1.Материалдык-техникалык базасынын чыңдалышы.<br>2.Мугалимдерге жана окуучуларга шарттардын түзүлүшү жана материалдык – техникалык базанын болушу.<br>3. Заманбап технологиялардын жардамы менен сабак өтө алышы. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 4. Коопсуздукту камсыздоо үчүн 16 жерде видеокөзөмөл уюштурулган.<br>5. Экологиялык санитардык гигиеналык эрежелер сакталып, кол жуучу жайлар уюштурулуп, ысык суу чыгарылган.<br>6. Коопсуздукка каршы бардык шарттар каралган, эвакуациялык пландар түзүлгөн. | |
| | **Алсыз жактары:** | 1.Мектепке кошумча имарат куруу 2023-2024-окуу жылына<br>2. Мектептин шкафтары, стол-стулдары, эшиктери эскилиги жеткен, алмаштырууга муктаж.<br>3. Окуу кааналары жана компьютердик класстар жетишсиз.<br>4. Кошумча сабактарды өтүүгө каана жок.<br>5. Лаборатория үчүн атайын каананын жетишсизиги жана заманбап көргөзмө куралдар, реактивдер, жабдуулар менен камсыздалган эмес.<br>6. Кошумча чарба уюштуруу үчүн каражаттын жоктугу.<br>7. Мектепте wi-fi түйүнү түшкөн, бирок иштебейт. | |
| | **Сунуштар:** | 1. Мектептин ремонтуна каражатты көбүрөөк бөлсө<br>2. Материалдык базаны чыңдоого лабораториялык жабдуулар, технологиялык каражаттар менен камсыздалса.<br>3. Мугалимдерге коммуналдык чыгымдар | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | төлөнүп берилсе.<br>4. Айыл өкмөттүн бюджетинен мектептерге канцелярдык жана чарба иштерине финансы бөлүнсө.<br>5. Окуу усулдук ишмердүүлүктү өркүндөтүүдө ар бир предметти окутууда кошумча усулдук адабияттар колдонмолор чыгарылса | |
| **4. ФИНАНСЫЛЫК РЕСУРСТАРДЫ БАШКАРУУ** | | | |
| 4.1 | Финансылык пландоо системасынын болушу | 1. Республикалык бюджеттен 2022-жылга каралган каражаттар сметасы.<br>2. Жергиликтүү бюджеттен 2022-жылга каралган каражаттар сметасы<br>3. Кызматкерлердин айлык акысы<br>4. Электр энергиясынын лимити | КөчүрмөлөрЭлектр энергиясынын лимити |
| 4.2 | Кошумча финансы ресурстарын тартуу, бөлүштүрүү жана отчёттуулук боюнча ачык-айкын механизмдердин болушу | Акыркы 5 жылда тартылган инвестициялар:<br>1. Республика – 0 сом<br>2. Жергиликтүү – 786000 сом<br>3. Долбоор –454800 сом<br>4. Демөөрчүлөр тарабынан – 39000сом тартылган, көрсөтүлгөн материалдык жардамдар окуу кааналарынын эшиктерин алмаштырууга, материалдык-техникалык базасын чыңдоого, мектепке дарбаза коюуга, мектептин кире беришиндеги эшиктерди жаңылоого, мектептин короосуна су киргизүүгө иштетилди.<br>5. Бардык окуу кабинеттери талапка ылайык жарыктандырылган. | Көчүрмөлөр:<br>1. Сүрөттөр |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4.3 | Финансы ресурстарын жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу | Педагогикалык курамга, окуучуларга окутуунун күтүлгөн натыйжасына жетишүүсү үчүн жеткиликтүү болгон материалдык ресурстар: Материалдык -техникалык базанын чыңдалышы боюнча план түзүлүп, жобо иштелип чыккан. Мектеп техникалык каражаттар менен 52% камсыздалган. Китеп фонду жана беш жыл ичинде мектепке тартылган инвестиция.<br>1. Китепкана фонду 6745 китеп<br>2. Акман айыл өкмөтү 786 000 сом<br>3. Өнүктүрүү фонду 91200 сом<br>4. Демөөрчүлөр 270 000сом<br>5.Көзөмөлчүлүк кеңеши 350 400 сом<br>6.ООНДАТП 363 600сом | **Көчүрмөлөр:**<br>1.План<br>2. Китеп фонду<br>3.Сүрөттөр |
| | **Күчтүү жагы:** | 1.Финансылык пландоо билим берүү уюмунда чектелүү<br>2.Кошумча ресурстарды демөөрчүлөр тарабынан тартуу ишке ашат. Бөлүштүрүү , ачык-айкын отчёттуулук кесиптик уюмун текшерүү комиссиясы,ата-энелер тарабынан жүргүзүлөт.<br>3. Финансы русурстарын жакшыртуу боюнча жетекчи пландуу иш алып барат. Айыл өкмөт, коомчулук, көз карандысыз уюмдар менен иштөөгө аракеттер жасалат.<br>4. Демөөрүлүк гана мектепке жардам берет<br>5. Айыл өкмөт материалдык жардам бербейт.<br>6. Өнүктүрүү фонду менен иш алып барылат. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **Алсыз жагы:** | Ремонтко финансы аз бөлүнөт.<br>Жаңы тех. каражаттар аз.<br>Окуу кааналары жетишпегендиктен окуучулар үч сменге чейин окушат. | |
| | **Сунуштар:** | 1.Окуу кабинеттери заманбап технологиялар менен (компьютер, интерактивдүү доска, проектор, телевизор) ишке ашырылса.<br>2. Кошумча сабактарды, ийримдерди өтүү үчүн окуу кааналары болсо.<br>3. Мектеп мекемесинине кошумча корпус куруу үчүн бюджеттен финансы ажыратылып берилсе<br>4. Окуу кааналары жетиштүү болсо о.э иш чараларды өткөрүү үчүн залыбыз болсо. | |

**КОРУТУНДУ**

Жүргүзүлгөн өзүн-өзү баалоонун негизинде комиссия ыйгарым укуктуорганда институционалдык аккредитациядан өтүү үчүндокументтерди жиберүүнү сунуштайт.

| | |
|---|---|
| Комиссиянын төрайымы: | Т.Рахманова |
| Комиссиянын мүчөлөрү: | А.Тажибаева |
| | Г.Темиркулова |
| | А.Досуев |
| | Т.Алтымышова |
| | Т.Насердинова |
| | Н.Жаныбекова |
| | Н.Кыргызбаева |
| | Амангелди кызы А. |